| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**<br>**XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**<br>**КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ВНЕОЧЕРЕДНАЯ IV СЕССИЯ**<br>**XXVIII СОЗЫВА** |

# ТОКТОМ

2023-жылдын «02» октябрь. № 40 Тамга айылы

**Тамга айылдык аймагынын тургундарына турак-жай куруугa жер тилкесин бөлүп берүү үчүн багытын өзгөртүү (трансформациялоо) жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы «**Жер участокторун котоpуу (трансформациялоо) жөнүндө**» № 145 Мыйзамынын негизинде, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «**Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө**» № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Тосор айылынын жалпы элдик чогулушунун 2023-жылдын «19» мартындагы Протоколунун негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы «**Жер участокторун котоpуу (трансформациялоо) жөнүндө**» № 145 Мыйзамынын негизинде, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «**Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө**» № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Тосор айылынын жалпы элдик чогулушунун 2022-жылдын 2023-жылдын «19» мартындагы Протоколунун негизинде, Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 314, № 306, № 508, № 510, № 509, № 559 чөйрө сызыктарындагы жалпы 50,0 га жер тилкеси турак-жай куруу үчүн «калктуу конуш» жер тилкесине бөлүнүп берилсин.
2. Кабыл алынган чечимдерге ылайык, Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 314, № 306, № 508, № 510, № 509, № 559 чөйрө сызыктарындагы жалпы 50,0 га жер тилкесин инвентаризациялап, «Айыл чарба багытындагы жайыт түрүнөн» «Калктуу конуш багытына» жердин багытын өзгөртүү (трансформациялоого) тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго милдеттендирилсин.
3. Токтомго кол коюлгандан кийин аталган жер тилкесинин багытын өзгөртүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алып, жогорку инстанцияларга тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

4. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**